КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

БОЗ-УЧУК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БОЗ-УЧУКСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы Ак-Суу району Боз-Учук айылдык Кенешинин 28 чакырылышынын кезектеги 28 - сессиясы

# Т О К Т О М

**2023-жыл 24-ноябрь** **№ 32** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Боз-Учук айыл аймагында 2024-жылы “дем берүүчү гранты” тарабынан сунушталуучу “Ак-Суу районунун Ичке-Жергез айылынын Кыдырганов көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү” долбоорун колдоо максатында 2024-жылдын бюджетине өздүк салымга акча каражатын кароо жөнүндө**

Боз-Учук айыл аймагында 2024-жылы “Дем берүүчү грант” аркылуу сунушталган “Ак-Суу районунун Ичке-Жергез айылынын Кыдырганов көчөсүн капиталдык ремонттон өткөрүү” долбооруна өздүк салым катары акча каражатын бөлүү боюнча жана аймакты өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу максатында Боз-Учук айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Боз-Учук айыл өкмөтүндөгү демилгелүү топ менен даярдалган Ичке-Жергез айылынын Кыдырганов көчөсүнүн 750 метр жолун капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча долбоорду колдоо жана ишке ашыруу үчүн , “Дем берүүчү грантка” жазылган долбоордун сметасы 7195842 (жети миллион бир жүз токсон беш миң сегиз жүз кырк эки) сом, анын ичинен үлүштүк (дем берүүчү) грантка муктаждык 3597842 (үч миллион беш жүз токсон жети миң сегиз жүз кырк эки) сом, өздүк салымдын өлчөмү 3598000 (үч миллион беш жүз токсон сегиз миң ) сом, өздүк салым катары Боз-Учук айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын жергиликтүү бюджетинен бөлүнүп берилсин.
2. Долбоорду колдоого жумшала турган акча каражатын издештирип бөлдүрүп берүү айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго милдеттендирилсин.
3. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жарыяланып Ысык-Көл облусттук юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.
4. Бул токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозбаковго, токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кенештин финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Термечиков**